
# Жөжө жана өрдөк балапаны



Автор: Дурга Лал Шреста

Сүрөтчү: Симбхан Махарджан

Которгон: Назира Сартбаева

# Жөжө жана өрдөк балапаны

Автор: Дурга Лал Шреста
Сүрөтчү: Симбхан Махараджан
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жөжө жана өрдөк балапаны" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Little Chick and Little Duck* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Durga Lal Shrestkha жана сүрөтчүсү Sambkhav Makhardzhan. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2018-жылы CC-BY- 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/bb994e2d-afaa-4d05-9300-1820c51a396f?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир кичинекей жөжө.

Бир кичинекей өрдөк балапаны.





Бир жолу алар сейилдеп келүүгө чыгышты.

Кичинекей жөжө кенедей буттары менен тыпылдап баратты.

Кичинекей өрдөк балапаны чайпалып баратты.



Жөжө сөөлжан кармап алды. Ал эми өрдөк балапаны кармай алган жок.






Байкуш өрдөк балапаны ыйлап, каркылдады.

Жөжө секирип барып,
сөөлжанды бөлүштү.





Өрдөк балапаны чалпылдатып жеп, кекирип, күлүп калды!



Анан алар кичинекей дарыя көрүштү.

Жөжө сууга секиргиси келди.






Бирок ал суудa сүзгөндү билбейт!

Жөжөнүн таманы өрдөк балапанындай жаргактуу эмес.






Жөжө таманын кыймылдатып, сууну чачыратып жатты. Жөжө абдан аракет кылды.

Жөжө кокуйлап кыйкырып, канаттарын каккылады. Жөжө ыйлады.







Өрдөк балапаны жакын сүзүп келди.

Өрдөк балапаны жөжөнү канатынан кармады.

Жөжө талпынды.

Өрдөк балапаны сүзүп баратты.





Өрдөк балапаны жана Жөжө жээкке аман-эсен жетишти.

Өрдөк балапаны жана Жөжө күлүп калышты.





USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Дурга Лал Шреста
Сүрөтчү: Симбхан Махараджан
Которгон: Назира Сартбаева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли